| | |
|---|---|
| | **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**<br>**М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ** |
| | **САПАТТУУ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ** |
| | **DP- 07.03** |

ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин
2025-жылдын
26-февралындагы
№ 5 протоколу менен
КАБЫЛ АЛЫНДЫ

ОшТУнун ректорунун

2025-жылдын
4-мартындагы
№ 180 - ӨБ буйругу менен
БЕКИТИЛДИ

# М.М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Ош – 2025**

| | |
|---|---|
| | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ<br>М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ |
| | САПАТТУУ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ |
| | **DP- 07.03** |

**ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ БАРАГЫ**

| ЛНА нуска № | Өзгөртүлгөн бөлүм/пункт (бети менен) | Окумуштуулар кеңешинин протоколу №, датасы |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

Кызматтык пайдаланууга

М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу жөнүндө жобо – Ош, 2025-ж., 8б.

Түзүүчүлөр: Исраилова Г.С., Жусупов Б.Т., Сатыбалдыев А.Б.

Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 26-февралындагы № 5 жыйынынын протоколунун негизинде бекитилген

**ОшТУнун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу жөнүндө ЖОБО**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайлардын, анын ичинде Ош технологиялык университетинин (мындан ары - Университет), ошондой эле башка жергиликтүү жана чет өлкөлүк окуу жайлардын кызматкерлеринин, илимий-изилдөө борборлорунун жана билим берүү мекемелеринин жетекчилик курамынын, профессордук-окутуучу жамаатынын жана окуу-көмөкчү персоналдын (мындан ары - кызматкерлер) квалификациясын жогорулатуу, стажировкаларды уюштуруу жана кесиптик билимин өркүндөтүү үчүн Университет тарабынан уюштурулган иш-чараларды жөнгө салуу максатында иштелип чыккан.

1.2.Жобо университетте уюштурулган жалпы курстарга катышкан окуучулардын квалификациясын жогорулатуу процессин пландаштыруу, ишке ашыруу жана мониторинг жүргүзүү тартибин белгилейт.

1.3. Профессордук-окутуучулук курамдын (мындан ары – ПОК) жана окуу-көмөкчү кызматкерлер (мындан ары – ОКК) квалификациясын жогорулатуу белгиленген тартипке ылайык жүргүзүлөт. Илимий даражага ээ кызматкерлер үчүн квалификацияны жогорулатуу ыктыярдуу мүнөзгө ээ. Бирок, бул процесс алардын кесиптик өсүшүнө шарт түзүү жана ыңгайлуу шарттарда өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.
ПОКтун башка бардык мүчөлөрүнө жана ОККга квалификацияны жогорулатуу боюнча курстардан өтүү сунушталат. Бул алардын кесиптик деңгээлин жогорулатып, окутуунун сапатын жакшыртууга багытталган.
Квалификацияны жогорулатуу үч жылда бир жолу жүргүзүлүшү керек. Ал эми жумушка жаңы кирген же эмгек тажрыйбасы үч жылдан кем болгон окутуучулар үчүн квалификацияны жогорулатуу милдеттүү болуп эсептелет.

1.4. Профессордук-окутуучулук курамдын жана илимий кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну уюштурууну, координациялоону жана жалпы контролдоону илим, инновация жана кошумча билим берүү бөлүмү (мындан ары –ИИжКББ) ишке ашырат.

1.5.Квалификацияны жогорулатуунун мөөнөттөрү жана формалары белгиленген билим берүү программаларынын татаалдыгына жараша уюштурулат.

1.6.Курстарды өткөрүү, алардын толук документтери (программасы, өтүлө турган теориялык жана практикалык материалдары, презентациялары ж.б.) ОшТУнун усулдук кеңеши тарабынан каралып, уруксат берилгенден кийин гана ишке ашырылат. Ошондой эле курстарды өтүүнүн сапаты да усулдук кеңеш тарабынан көзөмөлдөнөт.

## 2. НОРМАТИВДИК ШИЛТЕМЕЛЕР

Бул Жобо университеттин төмөнкү ченемдик укуктук актыларына жана документтерине ылайык иштелип чыккан:

- КР Эмгек кодекси, 2004-жылдын 4-августу № 106;

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 “Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык;
- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 8-августундагы № 170 “Илим жөнүндө" мыйзамына ылайык;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы № 270 “Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акысын эсептөөнүн тартиби жөнүндө НУСКАМА” токтомуна ылайык;
- Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 2024-жылдын 4-июлундагы №359 “Кыргыз Республикасынын илимий, илимий-техникалык кызматкерлерине жана илимий-педагогикалык кадрларынын кошумча кесиптик билим берүү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык;
- Университеттин Уставы.

## 3. КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУНУН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

3.1. Квалификацияны жогорулатуунун негизги максаты болуп кесиптик ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон жаңы компетенцияларды өздөштүрүү жана кесиптик маселелерди чечүүнүн заманбап ыкмаларын үйрөнүү зарылчылыгынан улам университеттин профессордук-окутуучулар курамынын теориялык жана практикалык билимин, ошондой эле алардын жалпы ой жүгүртүүсүн өркүндөтүү.

3.2. Ар бир түзүмдүк бөлүмдүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен адистерди даярдоонун деңгээлине дайыма өсүп жаткан талаптарга ылайык кызматкерлердин теориялык жана практикалык билимдерин жаңылоо;

3.3.Университеттин кызматкерлеринин жаңы кесиптик билимдерге (кесиптик, предметтик, педагогикалык, жалпы маданий) ээ болуу жана билим берүүнү өнүктүрүүнүн заманбап тенденцияларына ылайык кесиптик ишмердүүлүктү уюштуруу тажрыйбасын алуу боюнча суроо-талаптарын канааттандыруу;

3.3. Университетте билим берүүнүн сапатын жогорулатуу.

3.4. Квалификацияны жогорулатуунун милдеттери:

- университет тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатуу;
- илимдин жана техниканын заманбап жетишкендиктеринин негизинде психологиялык-педагогикалык, илимий, кесиптик жана жалпы маданий ишмердүүлүктөгү билимдерди жаңылоо жана тереңдетүү;
- педагогикалык ишмердүүлүк профилинде кесиптик чеберчиликти жогорулатуу;
- предметтик компетенцияны өркүндөтүү;

- окутуунун жаңы ыкмаларын жана технологияларын изилдөө жана илимий процесске киргизүү;
- ЖОЖдордун, ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин кадрларын жана адистерин сапаттуу даярдоого, алардын квалификациясын жогорулатууга болгон муктаждыктарын канааттандыруу;
- илимий-техникалык прогресстин, экономикалык өнүгүүнүн, билим берүү чөйрөсүндөгү түзүмдүк өзгөрүүлөрдүн талаптарына байланыштуу мурда эле болгон же жаңы кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү;
- педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууну жана квалификациясын жогорулатууну уюштурууну өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- билим берүү системасынын педагогикалык кадрларынын квалификациясын жогорулатуунун жана кайра даярдоонун актуалдуу проблемалары боюнча илимий-изилдөө иштерин аткаруу;
- окутуучулардын психологиялык-педагогикалык даярдыгын жогорулатуу жолу менен студенттер менен иштөөнүн психологиялык жана тарбиялык аспектилерин өркүндөтүү;
- бул программада окуу процессин камсыз кылуу үчүн белгилүү окумуштууларды жана тренерлерди тартуу.
- адистердин квалификациясынын деңгээлине коюлган талаптар жана кесиптик маселелерди чечүүнүн заманбап ыкмаларын өздөштүрүү зарылчылыгы жагынан ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаларга мониторинг жүргүзүү.

## 4. КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУНУН ФОРМАЛАРЫ

4.1. Квалификацияны жогорулатуу Кыргыз Республикасындагы жана чет өлкөлөрдөгү квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо борборлорунда, университетте, кошумча билим берүүнүн лицензияланган программалары боюнча алдыңкы билим берүү мекемелеринде жана институттарында түздөн-түз жүргүзүлүшү мүмкүн ;

4.2. Квалификацияны жогорулатуу өзүнчө, жарым-жартылай же негизги жумушунан тоскоолдук жаратпастан, ошондой эле дистанттык технологияларды колдонуу менен жүргүзүлүшү мүмкүн;

4.3. Квалификацияны жогорулатуунун формалары:

- -кыска мөөнөттүү курстар (16 сааттан 72 саатка чейин) тематикалык окуу программалары. Бул категорияга квалификацияны жогорулатуунун классикалык формасынан тышкары, эл аралык жана республикалык конференциялар, форумдар, конгресстер, илимий-техникалык, социалдык-

экономикалык жана өнөр жайдын, региондун, региондордун деңгээлинде келип чыгуучу башка көйгөйлөр боюнча тематикалык жана проблемалык семинарлар да камтылышы мүмкүн;

•тематикалык жана катышуучулардын ишмердүүлүгүнүн актуалдуу маселелери боюнча курстардын программалары (72ден 100 саатка чейин);

•Катышуучулардын ишмердигинин предметтик тармактарындагы актуалдуу маселелерди терең изилдөө үчүн адистерди узак мөөнөткө окутуу программалары(100 саатка жогору);

•Стажировка (72 сааттан кем эмес), ал кесиптик чеберчиликти үзгүлтүксүз өркүндөтүү, алдыңкы тажрыйбаны үйрөнүү, кесиптик билимдерди, көндүмдөрдү калыптандыруу жана практикада бекемдөө максатында өткөрүлөт. Стажировка билим берүү мекемелеринде (кафедраларда, илимий-изилдөө секторунда, илимий-изилдөө уюмдарында, коомдук уюмдарда, консультациялык фирмаларда, мамлекеттик жана жеке уюмдарда/мекемелерде, өндүрүш ишканаларында өткөрүлүшү мүмкүн. Окутуучунун стажировкасынын узактыгы университеттин ректору (кафедра башчысынын сунушу боюнча) тарабынан белгиленет: уюмдун жетекчиси менен макулдашуу боюнча жүзөгө ашырылат. Стажировка кошумча кесиптик билим берүүнүн өз алдынча түрү катары, ошондой эле квалификацияны жогорулатууда, кадрларды кайра даярдоодо жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүнүн алкагында окуу планынын бөлүмдөрүнүн бири болушу мүмкүн;

4.4. Квалификацияны жогорулатуу жөнүндө документ (сертификат ж.б.) же кесиптик даярдыгы тууралуу диплом менен ырасталат;

4.5. ОшТУда профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн сапатын жогорулатуу 3 баскычтуу системанын негизинде уюштурулууда:

- Биринчи деңгээл жаңы окутуучуларга, инженерлерге жана лаборанттарга арналган. Биринчи деңгээлде окуу процессин уюштуруу, окуу-методикалык материалдарды, силлабустарды иштеп чыгуу, жеке планды толтуруу, электрондук китепкана менен иштөө, сабактарды окутуунун методикасы, педагогикалык ишти рационалдуу уюштуруу жөндөмдөрүн өркүндөтүү каралат;

-Экинчи деңгээл (билим берүүдөгү IT). Бул курстун максаты кызматкерлердин инновациялык билим берүү технологияларын жана программаларын колдонууга үйрөтүү (кызматкерлерди интернет ресурстарын колдонууга, видеолекцияларды түзүүгө жана жайгаштыруу көндүмдөрүн, интернет чөйрөсүндө практикалык тапшырмаларды аткарууга, дистанттык технологияларды колдонуу менен студенттер менен тыгыз өз ара аракеттенүүгө үйрөтүү);

- Үчүнчү деңгээлдеги (сертификаттуу окутуучу), КМШ өлкөлөрүнүн жана чет мамлекеттердин алдыңкы университеттеринен эмгектенген жана

ПОК сурамжылоонун негизинде сунушталган профессионал лекторлор чакырылып, курстарды уюштуру.

## 5. КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУНУ ЖАНА КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУ

5.1.Квалификацияны жогорулатуу курстарын жана кошумча билим берүүнү уюштуруу иштелип чыккан курстук программаларга ылайык ИИжКББ бөлүмү тарабынан ишке ашырылат жана ИжИ боюнча проректор тарабынан бекитилет;

5.2.Жыл сайын ИИжКББ бөлүмү түзүмдүк бөлүмдөргө квалификацияны жогорулатуу программалары жана чакырылган тренерлер/лекторлор тууралуу маалыматты Университеттин веб-сайтына жайгаштыруу аркылуу маалымдайт;

5.3.Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну пландаштыруу жана багыттоо кафедра башчысынын функционалдык милдети болуп саналат. Квалификацияны жогорулатуу боюнча иштер мугалимдердин жеке пландарына киргизилген;

5.4.Кызматкерлер квалификацияны жогорулатуу курстарына жазылуу үчүн жылдын башында ОшТУнун расмий сайтындагы “Кошумча билим берүү” бөлүмү аркылуу "Катышуучу" талаасын онлайн арыз тапшырып, кызыккан теманы тандап алышы керек. Арыз таштаган бардык кызматкерлерди ИИжКББ бөлүмү квалификацияны жогорулатуу курстарына кабыл ала албайт. Катышуучулардын тандоодо иштөө тажрыйбасы аз жана акыркы жылдары квалификацияны жогорулатуу курстарынан өтпөгөндөргө артыкчылык берилет;

5.5.Кадрлардын жана кайра даярдоо институту ИИжКББ бөлүмү жыл сайын университеттин кызматкерлери үчүн тандалып алынган квалификациясын жогорулатуу курстарга лектор/тренер кызматын ээлөө үчүн ачык сынак өткөрөт. Сынакка ОшТУнун кызматкерлери жана сырттан келген адистер катыша алышат. Талапкерлерди тандоодо алардын тажрыйбасы, квалификациясы жана курстун предметине ылайыктуулугу эске алынат;

5.6.Түзүмдүк бөлүмдөр университетте бар болгон лицензиялык программалардын тизмесинен, ошондой эле башка окуу жайларда ишке ашырылып жаткан курстардын аталыштарын көрсөтүү менен квалификацияны жогорулатуу планын түзөт жана аларды ИИжКББ бөлүмүнө беришет;

5.5.Кошумча билим берүүнү уюштуруу университеттин тиешелүү кафедралары тарабынан белгиленген тартипте университеттин мыкты окутуучуларын же башка окуу жайларынын кызматкерлерин тартуу менен жүргүзүлөт;

5.6.Курстар лекция, теориялык жана методикалык семинарлар, практикалык жана лабораториялык сабактар, оюндар, тематикалык талкуулар, интервью, консультациялар, өз алдынча иш түрүндө өткөрүлөт;

5.7.Катышуучулардын билим деңгээлин баалоо жыйынтыктоочу аттестациянын негизинде ИИжКББ бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт:

- квалификацияны жогорулатуунун кыска мөөнөттүү курстары (16 дан 72 саатка чейин) тиешелүү экзаменди тапшыруу, тест тапшыруу же эссе коргоо менен аяктайт;
- тармактын, аймактын, уюмдун деңгээлинде келип чыккан илимий-техникалык, технологиялык, социалдык-экономикалык жана башка көйгөйлөр боюнча тематикалык же көйгөйлүү курстар (72 сааттан жогору) аттестация жана экзамен тапшыруу менен аяктайт.

Квалификацияны жогорулатуу программаларын ийгиликтүү аяктагандыгынын жыйынтыгы боюнча ректордун буйругунун негизинде катышуучулар өткөргөн саатынын көлөмүнө жараша квалификациясын жогорулатуунун белгиленген үлгүдөгү сертификаты берилет.

## 6. КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУНУ УЮШТУРУУДА СТРУКТУРАЛЫК БӨЛҮМДӨРДҮН МИЛДЕТТЕРИ

6.1. Илим, инновация жана кошумча билим берүү бөлүмү:

- түзүмдүк бөлүмдөрдүн кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуунун мезгил-мезгили менен жүргүзүлүшүнө мониторинг жүргүзөт жана учурдагы окуу жылында квалификациясын жогорулатуу зарыл болгон кызматкерлердин арыздарын кабыл алып, учурдагы жылга тизмесин бекитет;
- курстун катышуучулары тиешелүү экзамен, зачет тапшыруу же рефератты коргоо жана ийгиликтүү аяктаган угуучуларга квалификациясын жогорулатуу жөнүндө сертификат алуу тартибин бекитет жана көзөмөлдөйт;
- педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча координациялайт жана окуу пландарынын ишке ашырылышына көзөмөл жүргүзөт;
- университеттин каражаттарынын эсебинен квалификациясын жогорулатуу курстарын уюштурат.

6.2. Эл аралык бөлүмү кызматкерлердин чет өлкөлөрдө квалификациясын жогорулатуусун “Мобилдүүлүгү" программасынын негизинде уюштурат;

6.3. Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кошумча билим берүү программаларына жооптуу түзүмдүк бөлүмдөр жыл сайын ИИжКББ бөлүмүнө өз иши жөнүндө отчет беришет;

6.4. Кафедралар окуу жылынын башында университеттин квалификациясын жогорулатуу программаларын уюштуруу же тийиштүү квалификациянын деңгээлин алууга көмөктөшүү үчүн ИИжКББ бөлүмүнө өтүнмөлөрдү беришет.

## 7. КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ КУРСТАРЫН КАРЖЫЛОО

7.1 Ош технологиялык университетинде окумуштуулардын, академиялык коомчулуктун муктаждыктарын канааттандыруу жана студенттердин кесиптик өсүшү үчүн бардык шарттарды түзүү максатында, университеттин базасында чакырылган окумуштуулар, эксперттер, өздүк кызматкерлер менен биргеликте ар кандай курстар жана семинарлар уюштурулат;

7.2. Квалификацияны жогорулатуу курстарын каржылоо булагы болуп төмөндөгүлөр саналат:

- жеке жактар, мекемелер, уюмдардын жана ишканалардын, ЖОЖдордун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу жана кошумча билим берүү боюнча кызмат көрсөтүүнүн негизинде түшкөн каражаттар;
- гранттардан түшкөн каражаттар;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка иш-аракеттерден түшкөн каражаттар.

7.3. ОшТУнун кызматкерлери курстар үчүн тиешелүү программанын прейскурантына ылайык ал эми башка уюмдардын/ишканалардын кызматерлери келишимине ылайык төлөшөт. Толук ставкадагы окутуучуларга жана көмөкчү персоналга пропорционалдуу төлөм университеттин бюджетинен каржылык ресурстардын болушуна жана ректор менен макулдашуу боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн;

7.4. Курстардын лектор/тренерлерине, анын ичинде башка окуу жайлардан тартылган адистерге акы төлөө каржылык мыйзамдарга ылайык жүргүзүлөт;

7.5. Эксперттерди тартуу:

Кафедралар жана институттар курстарды жана семинарларды өткөрүү үчүн ички жана сырткы эксперттерди тарта алышат. Эксперттер дисциплинанын спецификасына жана студенттердин муктаждыктарына жараша курстун мазмунун жана узактыгын аныкташат. Зарыл учурларда илимий бөлүм кошумча адистерди чакырат;

7.5.1. Эксперттердин эмгегине акы төлөө:

Курстарды өткөрүү үчүн белгиленген сый акы программанын татаалдыгына жараша эксперттердин өздөрү тарабынан аныкталат;

7.5.2. Университеттин чыгымдары:

Университет тарбынан курстарды өткөрүү үчүн ресурстарды бөлүүгө байланыштуу чыгымдар болот. Буга аудиторияларды пайдалануу үчүн төлөм, электр энергиясы жана коммуналдык кызматтар үчүн чыгымдар, ошондой эле сертификаттарды даярдоо жана берүү чыгымдары кирет, тарифтик бааны университеттин план-финансылык бөлүм эсептеп чыгат. Бул чыгымдар курстарды өтүүдөн түшкөн каражаттардын эсебинен төлөнөт;

7.5.3. Сертификация:

Курстарды аяктаган соң, эксперттер университеттин тиешелүү бөлүмдөрү менен биргеликте курска катышуучулардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн текшерип, сертификаттарды берүү чечимин кабыл алышат. Сертификаттар курстун программасын ийгиликтүү өздөштүрүп, тиешелүү билим жана көндүмдөрдү көрсөткөн атышуучуларга гана берилет.

7.6. Кызматерлердин стажировкалары ректор менен макулдашылат жана каражаттар болгон учурда же пропорционалдуу түрдө университет тарабынан, ошондой эле стажердун өздүк каражаттарынан каржыланышы мүмкүн;

7.7. Квалификацияны жогорулатуу курстарын өткөрүүгө байланышкан финансылык маселелер ОшТУнун ректору менен макулдашуу боюнча чечилет.

7.8. Кошумча билим берүүдөн түшкөн акча каратары ошол курстардын материалдык шарттарын жакшыртууга, илимий иштерди аткарууга, стартап долбоорлорду колдоого жана курстарды өткөрүү шарттарын жогорку деңгээлге чгарууга жумшалат.

**Бул жобо университетте билим берүүнүн жогорку деңгээлин колдоого жана студенттерге алдыңкы билимдерди жана кесиптик тажрыйбаны алуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө багытталган.**